КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1289/1 2017 жылдын «13» октябрь

**Автотранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо программаларын даярдоочу билим берүү уюмдарынын окуу материалдык базасын жана лицензиялык талаптардын аткарылышын текшерүү жөнүндө**

Автотранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо программаларын даярдоочу билим берүү уюмдарынын окуу материалдык базасын жана лицензиялык талаптардын аткарылышын текшерүү боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2017-жылдын 31-июлундагы №1 "Кыргыз Республикасында жол коопсуздугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндөгү" чечимин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-августундагы №546 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында жол коопсуздугу системасын реформалоо боюнча чаралар комплексин аткаруунун иш-чаралар планын 47-пункттун аткаруу максатында ***буйрук кылам:***

1. Кыргыз Республикасынын аймагындагы Автотранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо программаларын даярдоочу билим берүү уюмдарынын окуу материалдык базасын жана лицензиялык талаптардын аткарылышын текшерүү үчүн 1-тиркемеде көрсөтүлгөн курамдагы ведомстволор аралык комиссия түзүлсүн (мындан ары - ведомстволор аралык комиссия).

2. Автотранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо программаларын даярдоочу билим берүү уюмдарынын окуу материалдык базасын жана лицензиялык талаптардын аткарылышын текшерүүнүн актысы 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча маалыматтар Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңешинин катчылыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратына, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына жөнөтүлсүн.

4. Автотранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо программаларын даярдоочу билим берүү уюмдарын текшерүү 2017-

13.10.2017г

жылдын 17-октябрынан башталсын, өткөрүү мөөнөтү 16 (он алты) жумушчу күн.

5. Ведомстволор аралык комиссиянын курамындагы мүчөлөрүнүн жол-кире жана башка чыгымдары алар иштеген мекемелерден каржыласын.

6. Жогорку окуу жайлардын жетекчилери ведомстволор аралык комиссиянын курамындагы кызматкерлерин комиссиянын ишине катышуусуна көмөктөшсүн.

7. Ведомстволор аралык комиссиянын жыйынтык актысынын (корутундусунун) жоопкерчилиги жана аныктыгы комиссиянын топ жетекчилерине жана мүчөлөрүнө жүктөлөт.

8. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары К.Г. Кожобеков жүктөлсүн.

Негизи: Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2017-жылдын 31-июлундагы №1 “Кыргыз Республикасында жол коопсуздугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндөгү” чечимин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-августундагы №546 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында жол коопсуздугу системасын реформалоо боюнча чаралар комплексин аткаруунун иш-чаралар планы.

**Министр** **Г.К. Кудайбердиева**

Копия верна
13.10.2017г.

Ташиев А.А., 662290

2017-жылдын
"13" октябрындагы
№ 1289/1-
буйругунун
2- тиркемеси

**Автотранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо программаларын даярдоочу билим берүү уюмдарынын окуу материалдык базасын жана лицензиялык талаптардын аткарылышын текшерүүнүн**
**АКТЫСЫ**

____________________ 2017-жылдын __ - __________

Уюмдун аталышы ____________________________________________
уюмунун толук жана кыскартылган аталышы(эгер бар болсо)
____________________________________________________________
Уюштуруучулук-укуктук формасы ________________________________
____________________________________________________________
Юридикалык дареги___________________________________________
____________________________________________________________
Жайгашкан дареги ____________________________________________
билим берүү ишин жүргүзгөн дареги
____________________________________________________________
автоаянт же автодром жайгашкан дареги
Юридикалык жактын мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндөгү күбөлүктүн каттоо номери ______________________________
Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери ___________________
Каттоо күнү ________________________________________________
юридикалык жакты түзүү жөнүндөгү жазуунун киргизилген күнү
Уюмдун жетекчиси ____________________________________________
аты жөнү, телефон номери, электрондук почтасы
____________________________________________________________
Уюмдун уюштуруучулары ______________________________________
____________________________________________________________
аты жөнү толугу менен (юридикалык жак болсо юридикалык жактын толук аталышы)
____________________________________________________________